**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**ӨЗГӨН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

723600, Өзгөн шаары Ленин көчөсү №132
тел: (03233) 5-04-85, факс: (0333) 5-07-25
www.shailoo.gov.kg
e-mail: adm32-1@shailoo.gov.kg

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**УЗГЕНСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723600 , г.Узген ул.Ленина №132
тел: (03233) 5-04-85, факс: (0333) 5-07-25
www.shailoo.gov.kg
e-mail: adm32-1@shailoo.gov.kg

**Чыг. №** 10 **"** 21 **"** Ноябрь **2024-жыл**

**Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук коммесиясынын төрагасы Н.К. Шайлдабековага**

**ЖОЛДОМО КАТ.**

Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясына түшкөн арыз даттануулар боюнча №39 чечмин кароого жөнөтөбүз

**Өзгөн АШКнын төрагасы** **Ы.Болокбаев**

**ЧЕЧИМ №39**

**2024-жылдын 21-ноябры** **Өзгөн ш.**

**Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясына түшкөн арыз даттануулары кароо боюнча:**

1. "Ынтымак саясий партиясынын Өзгөн шаардык бөлүмүнүн координатору Н.Назаровтон
2. Төрт-Көл айылдык кеңешинин №2 Шоро-Башат-Гулистан шайлоо округунан талапкерлеринин арыздарын кароодо Н.Назаровтын 18.11.2024-жылдын түшкөн арызына АШКнын иликтеп чыгууга жана юридикалык баа берүүгө мүмкүнчүлүгү жетишпегендиктен күч органдарына кайрылууга жөнөтүлдү.
3. Төрт-Көл айылдык кеңешине караштуу №2 Шоро-Башат-Гулистан шайлоо округунан тушкөн арызды карап ошол аталган округтан өткөн депуттатардын жана арызданган тараптын ой пикирин угуп жана талкуулап аймактык шайлоо комиссиясында биргеликте отурум өткөрүлүп эки тараптуу сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп ой пикирлерди кагаз жүзүндө тушүнүк каттар жана арыздар жазылып алынды ошонун негизинде аймактык шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Өзгөн шаардык кеңешинин депутаттыгына "Ынтымак" саясий партиясынын түшкөн арызы учурда УКМКнын кароосунда.

2. Төрт-Көл айлдык кеңешинин №2 Шоро-Башат-Гулистан шайлоо округундагы арызында эки тараптуу сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында шайлоо мыйзамдуу өтүп жокко чыгарууга негиз жок экендиги белгиленсин. (Тийиштүү документтер тиркелет)

3. Ушул чечим Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жөнөтүлсүн.

4. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Ы.Болокбаеваге жүктөлсүн.

Катышты: 10 Макул - 10, Каршы - жок

**Төрага** ______________ **Ы.Болокбаев**
(кол тамга)

**Катчы** ______________ **А.Тохтахунова**
(кол тамга)

Кыргыз Республикасынын Борбордук
Шайлоо комиссиясынын төрайымы
Шайлдабекова Н.К.

Өзгөн районунун аймактык шайлоо
комиссиясынын төрагасы Ы.Бөлөкбаевге

**Арыз**

Биздин арыз берүүбүздүн себеби Шоро-Бшат 5071 шайлоо участкасында 2187 шайлоочу, Гулистан 5455 шайлоо участкасында 1529 шайлоочу бар, айырма 658 шайлоочу. Эмне себептен эки шайлоо участкасын кошуп койгон ушул убакка чейин себебин билбейбиз. Райондук АШКга кайрылсак айыл өкмөткө төңкөйт, айыл өкмөтөкө кайрылсак райондук АШКга кайрыл деп түшүндүрмө беришкен жок. 2 шайлоо участкасы кошулуп бир бюллетенге 13 талапкер катталып үч талапкер өздөрүнүн талапкерлигин алып он талапкер калышкан. 5071 шайлоо участкасында бир талапкердин ал эми 5455 шайлоо участкасында үч талапкерди компьютер аркылуу сызып койгон. Бирок 5455 шайлоо участкасында өчүрүлгөн Жусуев Айбек Абсатаровичке 373 , ал эми Маткерим уулу Куттубекке 370 добуш берилген. Техникалык себептен жогорудагы аты аталган талапкерлердин алган добуштары жокко чыгарып берүүңүздөрдү суранабыз. Эки талапкер өздөрү катталган шайлоо 5071 шайлоо участкасына барып биз өзүбүздүн талапкерлигибизди алдык, бизди шайлабагыла деп ачык айтып жүрүштү. Бизди шайласаңар бюллетень бузулуп калат деп. 5071 шайлоо участкасында шайлоо күнү сүрөттөр илинип турду. Ал эми 5455 шайлоо участкасына чыгып Жусуев Айбек Абсатарович шайлоону 1 саатка жакын токтотуп АШКнын чечими менен компьтердин катасы деп кайра башталды. Көп шайлоочулар күтпөй кетип калды.

Ушул эки шайлоо участкасындагы көпчүлүк шайлоочулардын нааразылчылыгын эске алып, шайлоону жокко чыгаруу жагын карап беришиңизди суранабыз.

Ушул убакка чейин 2 шайлоо участкасында эки башка шайлоо өтүп жүргөн. Анткени 2чи шайлоо участкасындагы (5455) шайлоочулардын укуктары бузулду. Элдин нааразычылыгы көп болууда. Мындан кийинки шайлоодо да ушул көйгөй боло берет. Мүмкүн болушунча чечип берүүңүздөрдү суранабыз.

Арыз ээлери:

1. Камчиев А. Кбл Аар 0778-21-10-31
2. Абдукаар уулу К Кубат. 0779 – 48-49-43
3. Абдуллаева С Ааб
4. Канботоева А

# Тортков айылдык
# №2 Пригетан- шорошо башат %
# Кексинин өткөн депутаттарынын ой пикири жана сунушу.

1 Мен депутаттыкка талапкер Сатывалдиев Санжар: 17-ноябрда өткөн шайлоо тынч жакшы өттү. Менде эч кандай доом жок. Шайлоону бузганга жана кайра өткөрүүгө негиз жок.

2 Мен депутаттыкка талапкер Эсенбаев Озгонбек 17-ноябрга өткөн шайлоо туура жана өттү эч кандай дооматым жок.

3. Мен депутатыка талапкер Акылбеков Максатбек 17-ноябрда өткөн шайлоо тынч жакшы өттү. Менде эч кандай доом жок

4 Мен депутаттыка талапкер Нарынбаев Эншибек 17-ноябрда өткөн шайлоо туура ж/а таза эч кандай арызым доом жок.

5) Мен депутатка талапкер Ормокова Аида: 17-ноябрьдо өткөн шайлоого тынч жана өз мөөнөтүндө өтүп бүттү мен ага эч кандай доом жок.

6. Мен депутаттыка талапкер Кочкорбаев Жумагулмун 17-ноябрдо өткөн шайлоо тынч жана таза өттү. Эч кандай арыздар тарабынан бузуу болгон жок.

1. Сатывалдиев Санжар [signature]
2. Эсенбаев Өзонбек [signature]
3. Акылбеков Максатбек [signature]
4. Нарынбаев Эмилбек [signature]
5. Ормокова Анида [signature]
6 Кочконбаева Жумагул [signature]

КР БШК сына
Тоорт-Кол айылдык
кеңешинин депутаттыкка
талапкер №1 Шоро-
Башат Гулистан
шайлоо округунан 5455
Абдукаар уулу Кубатбек.
Камчиев Акылбек

# Арыз.

Мен Абдукаар уулу Кубатбек Гулистан шайлоо округунан депутаттыкка талапкерлигимди койгом. Бизде 1529 шайлоочу бар. Ошонун 38 пайызы шайлоого катышып берди. Бизди Шоро-Башат №5071 шайлоо округу менен бириктирип коюп, Гулистан №5455 участкадан квота менен бир эле эл өтүп калды, Шоро-Башат №5071 шайлоо участкасында 2187 шайлоочу бар. Буга чейин бизде эки айылда болок болок шайлоо өтүп келген. Себеби эки айылдын шайлоочулардын саны 658 шайлоочуга айырма бар. Эгерде шайлоо мындан кийин да ушул тартипте өтө турган болсо Гулистан №5455 участкасынан 1 да депутат чыкпашы толук ыктымал.. Ошондуктан эки айылды мурунку эле тартипте өтүшүн суранабыз. Шоро-Башат №5071 участкасын болок. Гулистан №5455 участкасын болок шайлоо өтө турган кылып бериңиздер.

21.11.2024.

Гулистан шайлоо 5455 участкасы
шайлоочулардын катасы деп Жусуев Айбек,
Майкорчи уулу Куштубек алган добуш-
тарды комиссия кол менен санап, алган
добуштар тактап жокко чыгаруу жагын
мыйзам чегинде карап берүүңүздү
сурайбыз, шайлоо мыйзамына туура
келбесе бузуу жагын карап бериңиздер.

Камчыев А. 21.11.2024.

Азыркы өткөн шайлоону жокко чыгарып
беришиңиздерди сурайбыз себеби шайлоочунун саны
658 адамга көп болгондугунда. Себеби Гулистан
№5455 шайлоо участкасына шайлоочулар
38 пайыз катышты берсе да добуш жетпеди.
Ошончо шайлоонун катышы Гулистан №5455 экен
участкасынын добарагерчилик болду, андай
шайлоо участкада бир келгени керек эле.
Шайлоонун өткөнүн ырааза эмесмин.
Себеби шайлоочунун саны дал келбегендиктен

Абдукаар уулу Кубатбек
21.11.2024.

# Түшүнүк кат

54-65 УШКнын түшүнүк кат берүүсү төмөндөгүдөй:
ИРН аппараты техникалык үзгүлтүккө учурагандыгына байланыштуу бюлетень шайлоочуларды алып калуу ... жонокой калды.
Байкоочулардын жана комиссия мүчөлөрүнүн макулдугунун негизинде акт түзүлүп макулдугун беришти.
Отчеттон кийин жыйынтыкталды.

катчы: [подпись] Арапбаева Г

17. 11. 2024- ж

# А К Т.

Биз төмөндөгү акт түзүүчүлөр:

54-55 УШКда депутаттардын шайлоодо И.Д.Н апараты бузулуп жыйынтыктоочу чекти так даана чыгарбай койгондугу туура.

Байкоочулар:

1. Назаркулов Н
2. Акынбекова Б.
3. Мамытов К.

УШК. төрага: Кудайбердиев Ү.

Катчы: Арстанбаева Г.

17. 11. 2024.

Өзгөн аймактык шайлоо
комиссиясынын төрагасы
Ы.Бөлөкбаевге

"Ынтымак" саясий
партиясынын Өзгөн шаардык
бөлүмүнүн координатору
Н.Назаровдон

Арыз.

Менин арыз берүүмдүн себеби төмөндөгүчө: 2024жылдын 17ноябрында түнкү саат 23:00 чамасында Өзгөн шаарынын тургуну Розымухаммад Исабаевтин фейсбук(**faceebook**) социалдык баракчасында жарыяланган: шайлоо боюнча мыйзам бузуучулуктарды аныктап жазган, Кыргыз Республикасынын президенти Садыр Жапаровго, УКМК башчысы Камчыбек Ташиевге жазган арызын жана ошол арызга далил катарында жарыяланган видео жана сүрөттөргө жана ошол чыгарган баардык материалдарды тыкыр иликтеп, текшерип, мыйзам боюнча юридикалык баа берүүңүздү суранам.

Арыз ээси: Н.Назаров

18.11.2024ж

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ӨЗГӨН АЙМАКТЫК
ШАЙЛОО
КОМИССИЯСЫ

723600, Өзгөн шаары Ленин көчөсү №132
тел: (03233) 5-04-85, факс: (0333) 5-07-25
www.shailoo.gov.kg
e-mail: adm32-1@shailoo.gov.kg

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
УЗГЕНСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

723600 , г.Узген ул.Ленина №132
тел: (03233) 5-04-85, факс: (0333) 5-07-25
www.shailoo.gov.kg
e-mail: adm32-1@shailoo.gov.kg

**Чыг. №** 33 **20.11.2024-жыл**

**Кыргыз Республикасынын**
**борбордук шайлоо жана референдум**
**өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына**
**Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынан**

**БИЛДИРҮҮ**

Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясы "Ынтымак" саясий партиясынын Өзгөн шаардык бөлүмүнүн координатору Н.Назаровдун 18.11.2024-жылы түшкөн арызына АШКнын иликтеп чыгууга жана юридикалык баа берүүгө мүмкүнчүлүгү жетишпегендиктен, түшүндүрүү максатында айтып, деп, ынандырып күч органдарына кайрылуу жагын сурангaнбыз,бул арыз азыркы учурда УКМКанын Өзгөн бөлүмүндө каралууда.

**Өзгөн АШКнын төрагасы** **Ы.Болокбаев**
**Катчы** **А.Токтакунова**